КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР
МИНИСТРЛИГИ

Ж. Баласагын атындагы
Кыргыз улуттук
университети

МИНИСТЕРСТВО НАУКИ,
ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ И
ИННОВАЦИЙ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

Кыргызский
национальный университет
им. Ж. Баласагына

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

2025-ж. 11-ноябры № 479 Бишкек ш.

**Scopus/Web of Science эл аралык илимий-маалымат базаларында макалаларды цитаталоого шыктандыруучу Регламентти бекитүү жөнүндө**

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин профессордук-окутуучулар курамынын, кызматкерлеринин илимий эмгектеринин цитаталоосун жогорулатуу, эл аралык илимий кызматташууну өнүктүрүү, университеттин эл аралык рейтингдердеги позицияларын чыңдоо максатында жана университеттин Окумуштуулар кеңешинин чечимдеринин (2025-жылдын 4-ноябрындагы №2 протоколдун көчүрмөсү) негизинде **буйрук кылам:**

1. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин профессордук-окутуучулар курамынын жана кызматкерлеринин Scopus/Web of Science эл аралык илимий-маалымат базаларында макалаларын цитаталоого шыктандыруучу Регламент бекитилсин.
2. Бул буйрук менен кызыкдар тарапты маалымдоо жалпы бөлүмгө тапшырылсын.
3. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө илимий иштер боюнча проректор М. Камчыбек уулуна жүктөлсүн.

**Ректор** **Д.Т. Чонтоев**

Макулдашылды:

Илимий иштер боюнча проректор М. Камчыбек уулу

Юридикалык бөлүмүнүн башчысы Р.К.Токтоналиев

Жалпы бөлүмдүн башчысы Э.К. Турдуманбетова

**Тиркеме**

**Ж.Баласагын атындагы КУУнун**
**2025-жылдын "11" ноябрь**
**№479 буйругу менен бекитилди**

## КУУнун профессордук-окутуучулук курамынын жана казматкерлеринин Scopus/Web of Science эл аралык илимий маалымат базаларындагы макалаларынын цитаталоосу үчүн шыктандыруу

### Регламенти

Бул регламент КУУнун профессордук-окутуучулук курамынын жана кызматкерлеринин илимий эмгектеринин цитаталоосун көбөйтүү, эл аралык кызматташууну өнүктүрүү жана эл аралык рейтингдердеги позициясын бекемдөө максатында иштелип чыкты. Чет өлкөлүк авторлоштордун болушу кошумча артыкчылык катары каралат жана университет тарабынан колдоого алынат.

**Бир жолку төлөм түрлөрүнүн жана аларды берүү шарттарынын тизмеси**

| Төлөмдүн аталышы | Төлөм алуу шарттары | Цитаталоо үчүн төлөм (сом) | | | Макала үчүн төлөм (сом) |
|---|---|---|---|---|---|
| | | 5 шилтеме – 10% | 10 шилтеме – 20% | 15тен жогору шилтеме – 30% | |
| Q1 чет өлкөлүк журналдагы цитаталоо (Scopus/WoS) | 1.Чет өлкөлүк журналда жарыяланган жана Scopus/WoS базасында индекстелген илимий эмгектер.<br><br>2.Илимий эмгектин түрү: Article, Review, Conference Paper, Book, Book Chapter. | 4 500 | 9 000 | 13 500 | 45 000 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 3.Илимий эмгектин тили: чет тили же котормосу.<br><br>4. Аффиляция: Jusup Balasagyn Kyrgyz National University (KNU).<br><br>5.Өзүн-өзү цитаталоо болбошу керек.<br><br>6.Цитаталоо тышкы (чет элдик) булактардан болушу керек. | | | | |
| Q2 деңгээлдеги журналдагы цитаталоо | Шарттар Q1 менен окшош. | 3 500 | 7 000 | 10 500 | 35 000 |
| Q3 деңгээлдеги журналдагы цитаталоо | Шарттар Q1 менен окшош. | 2 500 | 5 000 | 7 500 | 25 000 |
| Q4 деңгээлдеги журналдагы цитаталоо | Шарттар Q1 менен окшош. | 1 500 | 3 000 | 4 500 | 15 000 |
| Квартилге кирбеген журналдагы цитаталоо | 1.Илимий эмгек Scopus/WoS базасында индекстелген, бирок Q1–Q4 деңгээлине кирбейт. | 1 000 | 2 000 | 3 000 | 10 000 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |
| Conference Paper/Proceedings түрүндөгү цитаталоо | 1.Scopus/WoS базасында индекстелген конференция материалдарында жарыяланган эмгек.<br><br>2.Илимий эмгектин түрү: Conference Paper. | 1 000 | 2 000 | 3 000 | 10 000 |

**Эскертүүлөр:**

1. Бардык төлөмдөр КУУнун авторлорунун арасында тең бөлүштүрүлөт.
2. Төлөмдөр 2026-жылдын 1-январынан Scopus/WoS базаларында индекстелген макалалардын цитаталоо үчүн жүргүзүлөт.
3. Цитаталоолор Scopus/WoSтун учурдагы активдүү журналдарынан гана эсептелет (тизмеден чыгарылган эмес).
4. Төлөмдөр чет элдик булактардагы тышкы цитаталоолор үчүн гана жүргүзүлөт; өзүн-өзү цитаталоо эсептелбейт.
5. Цитаталоонун талаптарга шайкештигин илим жана илимий-аналитикалык ишмердүүлүк бөлүмү текшерет.